«Бекитемин»

№33 Ж. Турусбеков а.о. мектебинин

2021-жылдын 25-августундагы

№1 педкеңешмененин чечиминин

негизинде

мектеп директору:

_______________ Мурзакулов А.

№33 Жусуп Турусбеков атындагы

орто мектебинин 2021-2022-окуу

жылына карата тузулгон

П Л А Н Ы.

## Мазмуну:

1.Өткөн окуу жылындагы окуу-тарбия иштеринин педагогикалык талдоосу. Жаңы окуу жылына карата негизги милдеттер.

2.Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын аткарылышы.

3.Педагогикалык кадрлар менен иштөө, алардын квалификациясын көтөрүү.

4.Окуу- тарбия иштерине жетекчилик .

5.Мектептеги окуу-тарбия иштеринин ички тескөөсү.

6.Ата-энелер, өзүн-өзү башкаруу органдары, мектеп жана камкордук кеңеши менен кызматташып иштөө.

7.Мектептин материалдык-техникалык баазасын чыңдоо жана чарбалык иштер.

1. 2020-2021-окуу жылында №33 Ж. Турусбеков а.о. мекетептин ишмердуулугуно жургузулгон талдоосу жана жаны 2021-2022-окуу жылына карата милдеттери.

2020-2021-окуу жылында №33 Ж. Турусбеков а.о. мектеби «Билим беруу мыйзамына», билим беруу тармагында иштеп жаткан Улуттук программаларга жана мектептин Уставынын негизине ылайык иштеди.

1. Окуу планын аткаруу.
2. Окуучулардын жетишкендиктери.
3. Уйротуу, тарбия беруу, окутуу.
4. Мектептеги климат же ички эреже.
5. Ресурстар.
6. Окутуу, тарбиялануу, ишке ашыруу.

1. Окуу планын аткаруу.

Откон окуу жылында уч баскычка тен базистик варианты боюнча иш алып барылды. Окуу жылында 1-2-класстар чет тилин окушкан жок. Жыл ичинде социалдык педагог мугалими З. Нурманбетов иш алып барды. 1-4-класстарды сурот , эмгек сабактары интеграцияланган сабак болуп, корком онор болуп окутулду. Бардык предметтер боюнча сабактар Б.Б. Министрлигинин окуу планы боюнча иш алып барылды.

Мектептин тарбия беруу иштери «Жаны муун», «Дени сак улут» программаларына багыталып иш алып барышты. Окутуу системасында «Сапаттуу билим» долбоорунун негизинде иш жургузулду. Откон окуу жылында бардык предметтер боюнча окуу пландары толугу менен аткарылды. Адис мугалимдер жетиштуу болду. 5-6-класстын окуучуларына 8 предметтин окуу китептери ижарага берилип, ата-энелер тарабынан ижара акы чогултулуп банкка төгүлдү.

2. Окуучулардын жетишкендиктери жонундо.

2020-2021-окуу жылында 349 окуучу жыл башында билим, тарбия алышты. Окуу жылынын аягында 352 окуучу аяктады. Анын ичинен кызы 170 окуучу.

«5» окуганы 51 окуучу.

«4» окуганы 79 окуучу.

«3» окуганы 151 окуучу.

Мектеп боюнча билим сапаты 46 % тузду.

Эн койгойлуу предметтер математика, кыргыз тили, англис тили, орус тили предметтери болуп саналат. Бул предметтер боюнча китептин жетишсиздиги да чон роль ойноду. Жыл аягына чейин бул китептер толукталып, китеп менен камсыздоо 83% болду. 9-класстын 16 окуучу кабыл алынган. Окуу жылынын аягында 16 окуучу аяктап, ийгиликтүү бүтүрдү.

Ата-энелер жана окуучулар менен суйлошуп 14 окуучу оз каалоосу менен 10-класска окуй турган болушту. 11-классты 17 окуучу ийгиликтуу бутурду. Райондук олимпиадага 8 окуучу катышып тилекке каршы бир да окуучу байгелуу орундарга ээ боло албады. Улуттук тестке 5 окуучу катышып эн жогорку 130 балл болду. Бирок пед колледжге атайын техникалык лисейлерге тапшырган окуучуларыбыз коп.

Мектеп боюнча орточо 102 балл болду.

Ал эми олимпиададан байгелүү орун болбоду. Бул көрсөткүч биздин коллектив үчун өтө начар көрсөткүч болду.

Жалпы Республикалык тесттен былтыркы жылы 124 балл орточо болсо быйыл 102 балл араң болдук. Биз райондон бизден да кичине, шарты начар мектептерден артта калдык. Предметтик мугалимдер ЖРТ жана Олимпиада боюнча кайдыгер мамиледе болушту.

Окуучуларыбыз экологияны сактоо боюнча конкурстарга катышып байгелүү орундарды райондук, областтык деңгээлдерден алышты.

3. Уйротуу, тарбия беруу, окутуу.

Мектепте 21 мугалим эмгектенет. Билими боюнча 16 жогорку 5 атайын орто. Окуучуларга терен таалим-тарбия берууду мугалимдер замандын талабына ылайык усулдар менен сабак отушту. Башталгыч класстарда кадам артында кадам планынын негизинде иш аткарылды. КРнын Билим Беруу министрлигинин 2022-жылына чейин билим беруусунун стратегиясында сапаттуу билим берууго жана 10-11-класстарда кесиптик билим берууго болот. 1-4-класстарда улуттук курикулумдун негизинде иштеп чыгылган китептерин колдонулду. Мектепте жыл ичинде 9 жолу педагогикалык кенешме, 10 жолу директор алдындагы кенешме, 4 жолу ата-энелер жыйналышы, 4 жолу профсоюз жыйналышы отулду.

Кылмыштуулукту жана диний экстримизимдин алдын алуу боюнча бир топ иш-чаралар тузулуп, ата-энелер, айыл округдун жетекчилери, айыл аксакалдары, айылдык кенештин депутаттары, ИДН кызматкерлери менен биргеликте окуучулардын катышуусунда 3 жолу чогулуш откорулду.

Башталгыч класстын мугалимдери “Окуу керемет” долбооруна катышып, балдарга алган тажрыйбаларынын негизинде билим беришти. Жакынкы мектептер менен биргеликте достукту чындоо максатында ар кандай спорттук оюндар өткөрүлдү.

**Мектептин климаты жана ички эрежелери.**

Мектеп педагогикалык жамаат ата-энелер, окуучулар жамааттары менен биргеликте иш алып барат. Мектепте мугалимдердин, окуучулардын адеп сактоо менен мамиле жасалат. Окуучулар арасында тартип бузуулар, тиешелуу адамдар, класс жетекчи, завуч, уюштуруучу директор аркылуу тарбиялоо иштери жургузулот. Мектепте октябрь айында окуучулар мед кароодон откорулот. Уй-булолук дарыгерлер тобу аркылуу окуучуларга ар кандай оруулар тууралуу тушунуктор берилип, жат жазуулар алынат. 149 бала ысык тамак ичишет жана аларга шарт тузулгон. Коптон бери жалпы элдин койгойу болгон 422 орунду мектептин имараты буткорулуп колдонууга берилгенине 6 жыл болду.

Жылуулук беруучу системалар кательный заманбап курулду. 189000 минге ашкананын кухнясы бутту. Спорт аянтчага ар кандай спорттук конугуулорду жасоого атайын жабдыктар жасалды. Ашканага балдарга тамак беруу учун ыссык, муздак суу киргизилди. Айыл окмот, ата-энелер, демоорчулор менен тыгыз иш алып баруунун натыйжасында бир топ иштер аткарылды.

Россиядагы балдарыбыз 35000 сомго ашканага идиш-аяк алып беришти.

Мектептин бардык кабинеттери, коридорлору толук жасалгаланып бутту.

Мектеп багы быйыл алгачкы тушумун бере баштады.

Жогорудагы аткарылган иштердин баары мектеп жамаатындагы ынтымакчылыктын жана бири-бирин урматтап сыйлоонун белгиси катары эсептелинет. Мектепке инвестиция тартуу боюнча төмөнкудөй иштер аткарылды.

- Ашкана куруугa а/өкмөт – 139000 сом.
- Жумуш менен камсыз кылуу борбору. – 50000 сом.
- Мектептин ремонтуна – айыл өкмөт 18000 сом.
- Ата-энелер - 24350 сом.
- Россиядагы балдар- 35000 сом.
- Демөөрчүлөр – 8000 сом.
- Кундүн энергиясы менен сууну жылытуу – 49000 сом.
- Ашканага инвентарлар. ООН азык-түлүк программасы 50 0000сом.
- Сущилка (как кургатууга) Мерсико- 25000 сом. **Жалпы: 838350 сом**

**Ж. Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында койгон максаттары жана милдеттери.**

**Ж. Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин максаты:**

**"Инсанга багытталган окутуу технологиясын" киргизүү менен окуучулардын билим сапаты 5%көтөрүү, мугалимдердин деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү. Окуучулардын терең билим алуусуна ата-энелерди жана коомчулукту тартуу.**

| № | милдеттери | мөөнөтү | жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1<br>2 | КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамын жетекчиликке алып окуучулардын билим тарбия алуусуна шарт түзүү. | Дайыма | Админстрация |
| 3 | Мугалимдердин статусунда белгиленгендей мугалимдин ата-энеге, окуучуга болгон милдеттерин так аткарылышын камсыз кылуу. | Дайыма | ОББ<br>Төлөшова С. |
| 4 | КР ББ министрлигин ББну өнүктүрүү боюнча консепциянын милдеттерин аткаруу. | Дайыма | Директор<br>Мурзакулов А. |
| 5 | Балдардын укуктары жөнүндө эл аралык конвекциянын милдеттерин аткаруу. | Дайыма | Соц педагог<br>Нурманбетов |
| 6 | КРнын баш мыйзамдарынын 45-беренесинин, үзгүлтүксүз билим алуу жөнүндөгү мыйзамынын аткарылышын камсыздоо (микро участкаларда мектеп жашындагы балдардын катталбай калбашы.) | Дайыма | Соц педагог<br>Нурманбетов |
| 7 | Азыркы замандын талабына ылайык тиешелүү курстардан мугалимдердин билимин көтөрүү. | Октябрь, март | ОББ<br>Толошова С. |
| 8 | Адистер менен толук камсыз кылуу. | август | Директор<br>Мурзакулов |
| 9 | Сабак өтүүнүн жаңы технологиясын жаңы усулдар жана (интерактивдик) жергиликтүү шарттардын материлдарын колдонуу. | дайыма | ОББ<br>Толошова С. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10 | Ачык сабактардын, тарбиялык сабактардын, майрамдык кече, викториналардын, кароо сынактардын спорттук мелдештердин өз деңгээлинде өтүүсүнө жетишүү. | Дайыма | ОББ Толошова С Уюштуруучу Алымкулов |
| 11 | Окуучулардын предметтик олимпиадаларында райондук түрдө орус тили, кыргыз тили, химия, тарых, биология предметтеринен алдыңкы орундарга даярдоо. | Октябрь Ноябрь | ОББ Толошова С |
| 12 | Окуучулардын жана мугалимдердин спорт боюнча райондук мелдештерине активдүү катышуу. | Дайыма | Дене тарбия муг. Алдосо Ж. |
| 13 | Өздүк көркөм кароо сынактарына ийгиликтүү катышуу. | График | Уюштуруучу Алымкулов |
| 14 | "Алдыңкы мектеп, усулдук канаалардын", "Жыл мугалими" кароо сынактарына активдүү катышуу. | График | ОББ Толошова С |
| 15 | Райондордо өтүүчү иш-чараларга дайыма катышуу. | Дайыма | Директор Мурзакулов |
| 16 | "2021-жыл Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" жылына иш чараларды кабыл алуу өткөрүү. | Жыл ичинде | Уюштуруучу Алымкулов |
| 17 | Мектепте камкордук кеңешинин түзүлүшү. | Сентябрь | Директор Мурзакулов |
| 18 | Базар мамилесинде окуучуларга билим берүүнү ырааттуу жүргүзүү. | Дайыма | Директор Мурзакулов |
| 19 | Ата-энелер, коомчулук алдында балдардын арасындагы зордук-зомбулкту болтурбоонун үстүндө иш аткаруу. | Дайыма | Мурзакулов Нурманбето Алымкулов |
| 20 | Жаш өспүрүмдөр инспекциясы менен ар дайым тыгыз иш алып баруу. | дайыма | Уюштуруучу Алымкулов |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 20. | Өзгөчө кырдаал жөнүндө 9-11-класстын окуучуларынын ата-энелерине тренинг өтүү. | октябрь | Алымкулов Б. |
| 21. | Мектеп айланасын көрктөндүрүү ата-энелер чөйрөсүн тартуу. | Апрель | Директор Мур<br>Организатор А |
| 22. | Мектеп алдында көмөкчү чарба уюштуруу. | декабрь | Директор Мур |
| 23. | Мектептин оңдоо-түзөө иштерин демөөрчүлөр аркылуу муктаждыктарды чечүү. | май | Директор Мур<br>Соцпед Нурма |
| 24. | Мектептин муктаждыктарын айыл өкмөт ата-энелер, демөөрчүлөр аркылуу чечүү. | дайыма | Директор Му<br>Соц пед Нурм |
| 25. | Мектептин көмөкчү чарбасынын акчасын райондук казына аркылуу иштетүү. | дайыма | Директор Му<br>Соц пед Нурм |

## 2 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын аткарылышы

| № | Аткарылуучу иштер. | мөөнөтү | Жооптуулар. |
|---|---|---|---|
| 1. | Мектептеги мугалимдерди кичи аймакка бөлүштүрүү. | Август | Дир. А. Мурзакул<br>Завуч. Төлөшова ( |
| 2. | Мектеп жашындагы балдардын эсебин тактоо жана аларды мектепке тартуу. | Май, август | Завуч Толошова С<br>Соцпед Нурманбе |
| 3. | Онлайн сабак алууга окуучу балдарды даярдоо. | Август | Завуч Толошова С<br>Мугалимдер |
| 4. | Оорулуу балдарды жана инклюзивдик окутууну ишке ашыруу. | Сентябрь | Соц педагог Нурманбетов<br>Класс жетекчилер |
| 5. | 1-11-класстардын окуучуларын тактоо жана толуктоо менен класстарга бөлүштүрүү. | Август | Завуч Толошова С<br>Класс жетекчилер |
| 6. | Жаңы окуу жылына карата ББ министрлиги бекиткен окуу планын иштеп чыгуу жана тандалган вариантын бекитүү. | Август | Директор Мурзак<br>Завуч Толошова С |
| 7. | Мектептин жаңы окуу жылына карата эксперттик комиссиясын бекитүү. | Август | Пед кеңеш |
| 8. | Мектептин санитардык гигиеналык тлаптардын аткарылышына шарт түзүү. | Жыл ичинде | Директор Мурзак<br>Организатор Алы |
| 9. | Мектептин жылытуу системасын үзгүлтүксүз иштөөсүнө шарт түзүү. | Октябрь | Директор Мурзак<br>Организатор Алы |
| 10. | Мугалимдерди жана окуучуларды мед кароодон өткөрүү. | Сентябрь | Директор Мурзак<br>Соцпед Нурманб |
| 11. | "Тазалык ден-соолуктун булагы" дубал гезиттерди системалуу жаңыртып туруу. Ден соолук бурчун түзүү жана ден соолук боюнча кароо сынактарды, жыйындарды өтүп туруу. | Жыл ичинде | Организатор Алы |
| 12. | Дене тарбия сабактарынын, класстан тышкаркы иштердин өтүлүшүнө шарт түзүү жана көзөмөлдөө. | Жыл ичинде | Организатор Алы |
| 13. | Үй-бүлөлүк шарты оор, аз камсыз болгон окуучулардын эсебин алуу жана аларга жардамдарды уюштуруу. (паспорт түзүү) | Сентябрь жыл ичинде | Соцпедагог Нурм |
| 14. | Мамлекеттик стандартта окуучулардын билим алуусу. | Жыл ичинде | Завуч Толошова ( |
| 15. | Сабактан кийин кошумча сааттарды өтүү, ийрим уюштуруу. | Жыл ичинде | Завуч Толошова ( |
| 16. | Өрт өчүргүчтөрдүн ыктыярдуу тобун түзүү. | Сентябрь | Организатор Алы |
| 17. | 1-4-класс окуучуларына ысык тамактын берилиши жана санитардык-гигиеналык талапка жооп бериши. | Октярь. Февраль | Директор Мурза<br>Завуч Толошова ( |
| 18. | 1-класстарды салттуу билим алууга даярдоо. | сенятбрь | Директор Мурза<br>Завуч Толошова ( |
| 19. | Окуучулардын өндүрүш практикасын өткөрүүгө ата-энелердин көмөгү. | апрель | Организатор Алм<br>Б. |

## 4. Окуу тарбия иштерине жетекчилик.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мооноту | Жооптуулар. |
|---|---|---|---|
| 1. | Окуучулардын кыймылын тактоо учун август эсебин алуу( кичи аймак – мугалими) | Август | Завуч Төлөшова С. |
| 2. | Тарбиясыз окуучулардын тизмесин тактоо | август | Организатор Алымкулов Б |
| 3. | Окуу пландарын пед жамаатта талкулоо. | Август | Директор Мурзакулов А. Завуч Төлөшова С. |
| 4. | Райондук секция иштерине мугалимдердин доклад менен катышуусу. | август | Завуч Төлөшова С. |
| 5. | Окуу планындагы мектеп компененттерин тактоо( 1-4 класстар учун) | | Директор Мурзакулов А. Завуч Төлөшова С. |
| 6. | 15-Сентябрь Билим майрамынын, окуу жылынын ачылышы. | 15.09 | Директор Мурзакулов А. |
| 7. | Окуу пландарынын, календардык жана тарбиялык, ийримдердин жылдык пландарынын тузулушу. | Сентябрь | Директор Мурзакулов А. Завуч: Төлөшова С. Организатор Алымкулов |
| 8. | Ош-1 отчетунун жана мектептин маалыматтарынын такталышы. | Сентябрь | Завуч Төлөшова С. |
| 9. | Тил мыйзамынын иш чараларынын отулушу. | Сентябрь | Организатор Алымкулов Б. |
| 10. | Карыялар майыптар кунун откоруу (даректуу жардам ) | Сентябрь | Организатор Алымкулов Б. |
| 11. | Башталгыч класстар ачык сабактарды откоруу. | Октябрь | Завуч Төлөшова С. |
| 12. | Тушум майрамын откоруу (10-11 класстар учун ) | Октябрь | Организатор Алымкулов Б |
| 13. | 2-4 класстарда балдардын талапка ылайык окуусу, кол жазмасынын текшерилиши. | Октябрь. | Завуч Төлөшова С. |
| 14. | Б/класстардын сабагынын окутулушу | 15-31 октябрь | Завуч Төлөшова С. |
| 15. | Китеп окурмандарынын жумалыгын откоруу. | Октябрь | Завуч Төлөшова С. Уюштуруучу Б. Алымкулов Китепканачы Акимжанова |
| 16. | Класстык журналдардын,мектеп документатцияларынын абалы | 30.11 | Завуч Төлөшова С |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 17. | “2021-жыл Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүнө жана дене тарбиясы ” жылына карата тегерек стол өткөрүү. | ноябрь | Организатор Алымкулов Б. |
| 18. | Сабакка начар катышкан окуучулар боюнча иш алып баруу | | Организатор Алымкулов Б. Соц педагог Нурманбетов |
| 19. | Коррупцияга каршы күрөшүү | ноябрь | Соц пед Нурманбетов З. |
| 20. | Мектептин санитардык , гигеналык абалы. | Ар дайым | Соц педагог Нурманбетов З. |
| 21. | 11-класс окуучуларына « Кыз адеби кымбат» деген темада тарбиялык саат отуу. | 13.12 | Мурзалимова Н. |
| 22. | Мектептин иш кагаздарынын аткарылышы. | 14-30.12 | Директор Мурзакулов А. |
| 23. | Жаны жыл балаты майрамын откоруу. | 28-30.12 | Организатор Алымкулов Б |
| 24. | Январь секциялык иштерине докладдар мнен катышуу( предметик мугалимдер) | январь | Завуч Төлөшова С. |
| 25. | Мектеп окуучуларынын предме тик олипиадаларына активдуу катыштыруу. | декабрь | Завуч Төлөшова С. |
| 26. | Жаштар жана оспурумдор уюмунун иш аракетери. | январь | Организатор Алымкулов Б |
| 27. | Окуу каналарынын жарандык коргонуу боюнча иш пландары. | февраль | Завуч Төлөшова С. Организатор Алымкулов Б |
| 28. | Мекенди коргочуулар кунун откоруу.(9-10 класстар кароо сынак) | 23.02 | Организатор Алымкулов |
| 29. | 5- март « Ак калпак» куну | 05.03 | Организатор Алымкулов |
| 30. | Шашке чайдын берилишин көзөмөлдөө | март | Соц педагог Нурманбетов |
| 31. | Кыргыз тил жана адабияты предметтеринин окутулушу. | март | Завуч Төлөшова С. |
| 32. | ББ министрлигинин кочуруу жана бутуруу класстары учун жобосун иштеп чыгуу. | Апрель | Завуч Төлөшова С. |
| 33. | Класстан тышкаркы иштердин аткарылышы. | Март | Завуч Төлөшова С. Организатор Алымкулов |
| 34. | 12-апрель косманавтика кунун белгилоо. | 09.04 | Организатор Алымкулов |
| 35. | Конститцияга арналган иш чараларды откоруу. | 04.05 | Организатор Алымкулов |

5. Мектептин окуу тарбия иштеринин ички тескөөсү.

2021-2022-окуу жылына карата ички жылдык көзөмөлдөөнүн түзүлгөн графикалык жылдык планы.

| Мөөнөтү | Текшерүүнүн түрлөрү. | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Персоналдык | тематикалык | класстык | фронталдык | Эскертү |
| сентябрь | Мектептеги мугалимдердин, тейлөө кызматкерлеринин, ашпозчунун медициналык кароодон өтүшү. | | | Окуучулардын китеп менен камсыз болушу. | |
| октябрь | Окуучулардын медациналык кароодон өткөрүлүшү. | | Башталгыч класстарда жол эрежелеринин окутулушу. | | |
| ноябрь | | 5-11-класстарынын дептер, күндөлүктөрүнүн тутулушу-нун абалы. | | Башталгыч класстардын сабагынын окутулушу. | |
| декабрь | | Мектепте санитардык гигиеналык талаптардын аткарылышынын абалы. | 5-11-класстарда жарандык коргонуу, жлдо жүрүү эрежелеринин окутулушу. | | |
| январь | Мектептин наменкулатуралык иш кагаздарынын талапка ылайык жүргүзүлүшү. | Турмуш-тиричилик, адеп сабактарынын окутулушу | | | |
| февраль | Мектепте, окуу кааналарында өрт жана тех коопсуздуктарынын сакталышы. | | | 5-11-класстарда окуу програ-ммаларынын жазуу, **лабараториялык** текшерүү иштеринин нормативдер-инин аткарылышынын абалы. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 36. | Мамлекеттик аттестациялардын жана көчүрүү сынактарынын жадыбалдарын илүү. | 08.05 чейин | ЗавучТөлөшова С. |
| 37. | 9-11 класс окуу праграммаларынын аткарылышы. | май | Завуч Төлөшова С. |
| 38. | Акыркы конгуроо салтанатын өткөрүү. | 9-июнь | Директор Мурзакулов А. Организатор Алымкулов Б |
| 39. | Көчүрүү сынактарын өткөрүү. | 2-30.06. | Директор Мурзакулов А. Завуч Төлөшова С. |
| 40. | 9-11 класс окуучуларына мектепти буткөндугү тууралуу документтерди тапшыруу салтанаты. | Июнь | Директор Мурзакулв А. Завуч Төлөшова С |
| 41. | Окуучулардын жайкы эс алуусун камсыздоо. | июнь | Организатор Алымкулов Б |
| 42. | 11- класстын бутуручулорун ЖРТ тестке катышуусу. | 20-31.05 | Завуч Төлөшова С. |
| 43. | 9-11класс окуучуларына ЖАМУ мене кесипке багыт иштери. | 20-31. .05. | Соц педагог Толошова с. |
| 44. | «Манас» эпосунун осуятары боюнча 5-11 класстарда кароо сынак. | май | Организатор Алымкулов Б |
| 45. | 1-4 класстарына жазгы эс алу лагерин уюштуруу. | 25-31.05 | Организатор Алымкулов Б |
| 46. | "Кесиптик билим алуу, акыркы замандын талабы" (9-класс диспут откоруу). | 20.05 | Организатор Алымкулов Б |
| 47. | Окуу кааналарын жабдуу заман талабы. | Дайыма | Завуч Төлөшова С. |
| 48. | Химия, география сабактарынын окутулушу. | Дайыма | Завуч Төлөшова С. |
| 49. | Көчүрүү класстарын класстан класска көчүрүү. | июнь | Мектеп администрациясы |
| 50. | Мектепти жаңы окуу жылына даярдоо. | июнь | Мектеп администрациясы |

## 6 Ата-энелер өзүн-өзү башкаруу жана камкорчулук кеңеши менен кызматташып иштөө

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулушун өткөрүү | Сентябрь | Директор Мурзакулов Уюштуруучу Арзыбаева Ж. |
| 2 | Ачык эшик ата-энелер күнүн өткөрүү. | Октябрь | Директор Мурзакулов А. ОББ Толошова С. Уюштуруучу Арзыбаева Ж. |
| 3 | Класстык ата-энелер жыйналышын өткөрүү | Ноябрь | Уюштуруучу Арзыбаева Ж. |
| 4 | Класстык ата-энелер жыйналышын өткөрүү | Март | Уюштуручу Арзыбаева ж. |
| 5 | 9-11-класстын окуучулары ата-энелери менен жыйынтыктоочу аттестацияларын өткөрүү боюнча жыйналыш өткөрүү | Апрель | ОББ Толошова С. |
| 6 | Камкорчулук кеңешинин ишин пландуу кеңешмелерин өткөрүп туруу | Учурунда | Соц педагог Нурманбетов з. |
| 7 | Тарбиясы оор окуучулардын ата-энелер менен иш алып баруу | Учурунда | Уштуруучу Арзыбева |
| 8 | Сабакка начар катышкан окуучулардын ата-энелери менен иштөө | Жума сайын | Соц педагог Нурманбетов З. |
| 9 | Ата-энелер силер үчүн деген темада семинар өткөрүү. 5-11-класс | Ноябрь Март | Уштуруучу Арзыбаева Ж. |
| 10 | “Апам жана мен” крнкурс өткөрүү (6-класс ата-энелери) | Январь | Уюштуруучу Арзыбаева Ж. |
| 11 | Спорт оюну боюнча үй-бүлө командалары (7-класс ата-энелери) | Октябрь | Уюштуруучу Арзыбаева Дене тарбия Алдосов Ж. |
| 12 | Талдуу-Булак айыл аймагынын депутат төрагасы менен мектеп пед жамаатынын жана окуучулар активи менен жолугушуу | Февраль | Директор Мурзакулов Уюштуруучу Арзыбаева |
| 13 | Социалдык аз камсыз болгон үй-бүлө балдарына материалдык жардам көрсөтүү | Декабарь | Директор Мурзакулов Соц педагог Нурманбетов З. |
| 14 | Жарым жетим,шарты оор окуучуларга соц фонддун айыл аймагы даректүү жардамдары | Дайыма | Соц педагог Нурманбетов |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| март | | Ысык тамактын берилиши, ашкананын санитардык абалы. | | Кыргыз тили жана адабияты сабагынын өтүлүшү. | |
| апрель | | 11-класста ЖРТке даярдыктын абалы. (Пробный тест алуу) | 9-11-класстарда окуу прог-н аткарылышы | | |
| май | | | | Химия, география сабактарынын окутулушу. | |
| июнь | | 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрү нүн жыйынтыктоочу аттестациясынын жыйынтыктары | Көчүрүү класстарын класстан класска көчүрүү | Мектепти жаңы окуу жылына даярдоо. | |

## 7 МЕКТЕПТИН МАТЕРИАЛДЫК –ТЕХНИКЛАЫК БАЗАСЫН ЧЫҢДОО ЖАНА ЧАРБАЛЫК ИШТЕР.

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү. | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Окуу каналарынын окуу китептери усулдук адабияттар канаанын иш планы техникалык коопсуздук эрежелерин камсыздоо. | Сентябрь | Завуч Толошва С. |
| 2. | Өрт жана техникалык коопсуздук эрежелерин камсыздоо. | Сентябрь | Организатор Алымкулов Б. |
| 3. | Башталгыч класстардын, предметтик, өнөр канааларды жабдуу. | Сентябрь жыл ичи | Завуч Толошова С. |
| 4. | Төгөрөк иштерди өтүүчү жана спорт аянтчаларды жакшыртуу. | Сентябрь жыл ичи | Завуч Толошова С. |
| 5. | Мектеп алдындагы тажрыйба аянтчаларын ирээтөө жана тартипке келтирүү, көмөкчү чарба түзүү | Сентябрь жыл ичи | Директор Мурзакулов А. |
| 6. | Кышка карай даярдыктарды көрүү.Отун, көмүр, токтун болушу. (Энерго паспорт, лабарант, анадиз) | Сентябрь | Директор Мурзакулов А. |
| 7. | Мектеп мүлктөрүн жана эмеректерин инвентаризациядан өткөрүү жана келген эмеректерди эсепке киргизүү. | Ноябрь | Директор Мурзакулов А. |
| 8. | Мектеп эмеректерине болгон муктаждыктарын аныктоо жана жетишпеген эмеректерге заявка берүү | Март | Директор Мурзакулов А. |
| 9. | Мектептин ремонттоо иштерине даярдык көруу | Апрель | Директор Мурзакулов А. |
| 10. | Мектепти оңдоо, тузөө иштерин жүргүзүү жана камкор кеңешин тартуу | Май | Директор Мурзакулов А. |
| 11. | Мектепте окуучулар үчүн таза суу көйгөйүн чечүү жана аш канага муздак, ысык суунун камдалышы. | Сентябрь | Директор Мурзакулов А. |
| 12. | Ичүүчү суу менен окуучуларды камсыздоо. | Октябрь | Директор Мурзакулов А. |
| 13. | Спорт аянтчасынын талапка жооп беришин камсыздоо. | Сентябрь | Директор Мурзакулов А. |
| 14. | Каридорлордун, канаалардын жасалгаларын аяктоо. | Октябрь | Директор Мурзакулов А. Завуч Толошова С. |
| 15. | Кышкы даярдыкты күчөтүү-суу түтүктөрүнүн абалы, отун көмү менен камсыздоо. | Сентябрь | Дректор Мурзакулов А |
| 16. | Алма көчөөттөрдүн өсүшүнө шарт түзүү | Май Сентябрь | Директор Мурзакулов А. |
| 17. | Мектеп алдында кайналы көчөтүн эгип андан пайда көрүү. | Жыл сайын | Директор Мурзакулов А. |
| 18. | Мектептин алдын гүл бакча жайгаштыруу. | Декабрь | Мурзакулов А. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Жаш мугалимдерге иштөө үчүн аймагы тарабынан шарттардын түзүлүшү (участок, квартира үчүн | Сентябрь Март | Директор Мурзакулов А. |
| 16 | Мугалимдердин өз тажрыйба алуу үчүн №45 Кыргоо атындагы орто мектеби менен педагогикалык чыгармачылыкта иш алып баруу | Декабарь Апрель | Директор Мурзакулов А. ОББ Толошова С |
| 17 | Райондо өткөрүлүүчү иш-чараларга мугалимдердин доклад, реферат, көргөзмөлөрү менен катышуу | Дайыма | Директор Мурзакулов А. ОББ Толошова С. |
| 18 | Мектепте өткөрүлүүчү иш чараларга жаш мугалимдерди үзбөй тартуу | Дайыма | Уюштуруучу Арзыбаева Ж. |
| 19 | Ден соолугу начар мугалимдерге эс алуу жолдомо алып берүү | Дайыма | Профком Тойонова Л |
| 20 | Мугалимдердин ата-энелер менен иштөөсүн жандандыруу | Дайыма | Директор Мурзакулов А |
| 21 | 5-10-класс окуучулары арасында жайкы эс алуу легарин уюштуруу | Июль | Уюштуруучу АРзыбаева Ж. |

**Педагогикалык совет:**

1. Ар бир чейректе педагогикалык кенешме өтүү.
2. Айрым учурда кезексиз пед кеңешме өтүү.
3. Мугалимдерге берилүүчү сунуштар, ой-пикирлер.
4. Секциялык иштерди кароо.
5. Атайын көргөзмө уюштуруу.
6. Жакшы иштегендердин ишин жайылтуу.

**Окуу материалдык базасын чыңдоо.**

1. Мектепте болгон көрсөтмө куралдарды таза жана так сактоо.
2. Начарларын ремонттон чыгаруу.
3. Ар бир класс жетекчи жасалган көрсөтмө куралдарын лабарантка өткөрүп берүү.
4. Жок көрсөтмө куралдарды алып келүү.
5. Лабарант күнүнө келип көрсөтмө куралдарды берүү, өткөрүп алуу.
6. Лабарант көрсөтке куралдарды таза кармоого тийиш.
7. Мугалимдердин дайыма көрсөтмө куралдар менен кирүүсүн талап кылуу.
8. Окуучулардын китеп менен камсыз кылуу.
9. Көрсөтмө куралдарды алган мугалимдердин эсебин алуу.
10. Жаңы китептерди эсепке алуу, ошондой эле алып келүү.
11. Мектептин материалдык-техникалык базасын толуктоо (парта, стол-стуль, доска, компьютер, ДВД, телевизор ж.б.)

**Ата-энелер комитети.**

Төрагасы: Мамаев Суйун, Борбиева Ж.
Орун басары: Кэмбарова Зейнеп
Мүчөлөрү:

**Мектеп директору: Мурзакулов А.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19. | Окуучуларды толук китеп менен камсыздоо. | Сентябрь | Мурзакулов А.<br>Завуч<br>Толошова С. |
| 20. | Химия,биология, физика, информатика, предметтери боюнча көрсөтмө жана лабараториялык куралдарды камсыздо. | Дайыма | Лабарант<br>Ырысбек к Ш. |
| 21. | Ашкана үчүн жетиштүү шарттарды түзүү. | Август | Директор<br>Мурзакулов А. |
| 22. | Мугалимдердин дем алуусу үчүн "Эс алуу" бөлмөсүн түзүү. | Дайыма | Директор<br>Мурзакулов |
| 23. | Мектепте спорт жана технология сабагы үчүн инвентарлар менен камсыздоо. | Дайыма | Директор<br>Мурзакулов |
| 24. | Рай БББ аркылуу предметтерге усулдук колдонмо алуу | Октябрь | Директор<br>Мурзакулов А |
| 25. | Өзгөчө кырдаалдын алдын алуу боюнча машыгуу иштерин өткөрүү. | Сентябрь | Директор<br>Мурзакулов А.<br>Муг: Алдосов |
| 26. | Өрткө каршы өчүрүүчү куралдардын камсыздоо | Сентябрь | Директор<br>Мурзакулов А. |
| 27. | Өзгөчө кырдаалга карата мугалимдер үчүн тренинг өтүү. | Август | Организатор<br>Арзыбаева Ж. |
| 28. | Техникалык коопсуздук эрежелерин мугалимге, окуучуга, тейлөө кызматкерлерге, от жаккычтарга жеткирүү | Сентябрь | Директор<br>Мурзакулов А. |
| 29. | "Сапаттуу билим"долбоорун ишен ашыруу | Жыл ичинде | Завуч<br>Толошова С. |
| 30. | Компанын курулушун бүтүрүү | Апрель | Директор<br>Мурзакулов А. |
| 31. | Класстарга көчүүчү апараттарды толуктоо | Дайыма | Директор<br>Мурзакулов А. |
| 32. | Мектептин өрт коопсуздугун сакталышына шарт түзүү | Дайыма | Директор<br>Мурзакулов А. |

Абалың кандай директор?

# Директордун директордук ишин уюштурууга карата сунуштар.

## 1. Ишти эмнеден баштоо керек?

Директор болуп дайындалгандан кийин директордун укуктарын жана милдеттерин терең үйрөнүү зарыл. Ал үчүн: Кыргыз Республикасынын Концепциясы, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү», «Мугалимдин статусу жөнүндөгү», мыйзамдарды, билим берүүгө байланышкан Президенттин указдарын, Өкмөттүн токтомдорун, Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясынын чечимдерин, буйруктарын, жоболорун, окутуу жана тарбиялоо маселелерине байланышкан усулдук колдонмолорду, Концепцияларды, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексин ж.б. зарыл материалдарды топтоп, директордук китепканачыны түзүп, аларды үйрөнүп чыгып, директордук милдеттерди аткарууга даярдык көрүү зарыл. Бул материалдарды терең билүү директордук ишти, мектептин ишин сапаттуу пландаштырууга жана аларды ыргактуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

## 2. Мектептин планы - педжамаатка багыт берүүчү башкы документ.

Ар кандай иш пландаштыруудан башталат. Мектептин окуу жылына карата түзүлгөн планы директор жана анын орун басарларынын чыгармасы катары эмес, жалпы педжамааттын аракетинен жаралууга тийиш.

Педжамааттын катышуусуз түзүлгөн план педжамаатка түшүнүксүз болуп натыйжасы жакшы болбойт. Ошондуктан келерки окуу жылынын долбоорун түзүү үчүн апрель айынын башында директордун буйругу менен атайын комиссия түзүлүп, ал комиссиянын жасай турган иштери, аларды аткаруунун мөөнөттөрү так белгиленип, ар апта сайын директор алдындагы кеңешмеде ал иштердин аткарылышынын жүрүшү жөнүндөгү маалымат алынып, жасалган ишке баа берилип туруусу зарыл.

Апрель айынын акырында келерки окуу жылы үчүн мектептин планынын долбоору даярдалып бүтүүгө тийиш. Окуу жылы аяктагандан кийин бул окуу жылынын жыйынтыктары ар тараптан анализделип, өткөн окуу жылынын планын кандай аткарылгандыгына баа берилип, келерки окуу жылы үчүн түзүлгөн пландын бир бөлүгү болуп киргизилет. Өткөн окуу жылынын жыйынтыктарын эске алуу менен жаңы окуу жылында өзгөчө көңүл буруулуучу (приоритеттүү) маселелер бөлүп көрсөтүлүп, аларды аткарууга жалпы жамааттын аракети багытталат.

Мугалимдер эмгек өргүүлөрүнөн кайткандан кийин 15-16-август күндөрү жаңы окуу жылынын планы талкууланып, кошумча, алымчалар менен толукталып кабыл алууга даярдалат.

Август айынын 20 числосунан кечиктирилбей жалпы окуу жылынын планы бекитилүүгө тийиш. Анткени, биринчиден, август айында жаңы окуу жылын баштоого карата даярдык көрүү максатында мугалимдердин окуу жүктөмдөрүн биротоло аныктоо, класс жетекчилерди тактоо, сабактардын жадыбалын (расписаниесин) түзүү, август секциялык иштерине, мугалимдердин август кеңешмесине катышуу сыяктуу маселелер көп болгондуктан 20-августтан кийин планды бекитүүгө мүмкүнчүлүк аз болуп калат.

Экинчиден, бекитилген планды жетекчиликке алып 1-сентябрга чейинки калган убакытта мугалимдер, тарбиячылар, класс жетекчилер, кружок башчылары, ата-энелер комитеттери ж.б. өздөрүнүн пландарын иштеп чыгууга үлгүрүүлөрү зарыл. Эгерде жаңы окуу жылы иштелип чыкпаган, бекитилбеген пландар менен башталса окуу процесси өзүнүн ыргагына түшө албай бир топ убакытка чейин жалпы педагогикалык жамаат ашыкча убарагерчиликке дуушар болот.

Практика көрсөткөндөй көпчүлүк учурда мектептин планы директордо же окуу иштери боюнча анын орун басарында сакталат, окуу жылынын башында бекитилген учурунда көргөн боюнча мугалимдер аны көрүшпөйт, текшерүүчүлөр сураса таап беришет. Пландагы иштердин жалпы сөз, чакырык түрүндө жазылышы, аларды аткаруучулардын, аткаруу мөөнөттөрүнүн так көрсөтүлбөгөндүгү пландын аткарылыш сапатын төмөндөтүүчү негизги себептерден болуп эсептелет.

Сабактардын, класстан тышкаркы иштердин жадыбалдары, окуу программаларынын аткарылышынын жүрүшү боюнча ички көзөмөлдүн графиги, мектеп администрациясы, профсоюздук комитети, башка коомдук уюмдар тарабынан жүргүзүлүүчү иштердин циклограммасы, мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарынын өткөрүү графиги, алдыңкы тажрыйбаны мектепке, районго, областка таркатуунун планы мугалимдер бөлмөсүндө илинип, алардын аткарылуусу дайыма педжамааттын көз алдында болууга тийиш.

## 3. Айлык план – оперативдүүлүктү камсыздайт.

Жылдык пландын негизинде айлык план түзүлөт. Жылдык планда аткарылуучу иштердин мөөнөттөрү негизинен квартал же айлар боюнча көрсөтүлсө, айлык планда он күндүктөр (1 – 10, 11 – 20, 21 - 30), апталар же күндөрдүн өзү так көрсөтүлүүгө тийиш.

Айлык пландагы кээ бир иш чаралар түрдүү обьективдүү себептер менен белгиленген мөөнөтүндө аткарылбай калса, аны кийинки аптага же он күндүккө жылдырып аткарууга болот. Аткарылбай калган иштердин себептери негизделип жалпы педжамаатка билдирилүүсү тийиш. Аткарылбай калган ишке көрмөксөн, билмексен мамиле жасоо педжамаатка пландаштырылган иш чаралардын аткарлышына карата жоопкерчиликти төмөндөтөт.

Ар бир айдын акырында бул айда жасалган иштерге баа берилип, келерки айдын планы бекитилүүгө тийиш.

## 4. Пландын сапаттуу аткарылышы директорго көз каранды.

## Мектеп кеңеши.

Мектеп кеңеши - мектептин окуу – тарбия иштерин жакшыртууга, өнүгүүсүнө жана окуучуларды окутуп тарбиялоодо мамлекет жана коомчулук тарабынан коюлуучу негизги милдеттерди аткарууга, көмөк көрсөтүүчү коомдук башталыштагы коллегиалдуу орган. Мектеп кеңешинин курамына мектеп администрациясынын мүчөлөрү, мугалимдер, өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү, ата-энелер, окуучулардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрү жана жогорку класстын окуучулары кирет.

Мектеп кеңешинин иштерин төмөнкүдөй 3 секторго бөлүштүрүүгө болот: педагогикалык сектору, ата-энелер сектору жана окуучулар сектору.

### 1. Педагогикалык сектору.

Курамына директордун орун басарлары, коомдук уюмдардын өкүлдөрү жана педагогикалык кеңеш тарабынан сунуш кылынган мугалимдер кирет. Бул сектор мектептеги кадр маселесин, окуу-тарбия иштеринин сапатын көзөмөлдөөнү жана ар түрдүү талаш-тартыш маселелерди карайт.

### 2. Ата-энелер сектору.

Курамына мектептин ата-энелер комитетинин төрагасы, айррым класстык ата-энелер комитетинин төрагалары, коомчулуктун өкүлдөрү жана педагогикалык кеңеш сунуш кылган мугалимдер кирет.

### 3. Окуучулар сектору.

Курамына класстар тарабынан көрсөтүлгөн жогорку класстын окуучулары, балдардын коомдук уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн өкүлдөр кирет жана алар окуучулар комитетинин мектептеги дежурствону уюштуруу, класстан жана мектептен тышкаркы иштерди, предметтик олимпиадаларды, ар түрдүү конкурстарды өткөрүшөт.

Окуу жылынын жүрүшүндө ар бир сектор кеңеш тарабынан бекитилген иш пландын негизинде иштешет. Секторлордун иштерине кеңештин төрагасы жана анын орун басарлары жардам берет жана жетекчилик кылат.

**Мектеп кеңеши төмөнкүдөй маселелерди карайт:**

-мектептин уставын иштеп чыгат, ага керектүү учурларда өзгөртүүлөрдү кийирет жана бекитет;

-мектеп директорунун жана анын орун басарларынын жана башка кызматкерлеринин кызматтык милдеттери боюнча отчетторун угат;

-мектептин иш планын талкуулайт жана жаңы окуу жылына карата педагогикалык кадрлар менен камсыз кылууга жардам берет;

-мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, имараттарын капиталдык жана утурумдук ремонттоо чыгаруу, жаңы имаратты куруу багыттарындагы иш пландарын талкуулайт жана бекитет;

-мектептен жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууга жардам берет жана мектептин санитардык абалына, окуучулардын ден-соолугунун жана өмүрүнүн коопсуздугунун сакталышына, корголушуна көзөмөл жүргүзөт;

-мектептин сметалык каражат чыгымдарын карап, алардын сарамжалдуу сарпталышын көзөмөлдөйт;

-өкмөттүн токтому менен милдеттүү түрдө ата-энелер тарабынан мектептин ремонту үчүн төлөнүүчү акча каражаттардын, китеп арендасы үчүн төлөнүүчү каражаттардын жыйналышына жакындан жардам берет;

-аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына, жарым жана толук жетим окуучуларга, оорулуу балдарга жардамдарды уюштурат;

-окуучулар үчүн келишимдин негизинде кошумча билим берүүнү уюштурат;

-жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына, райшаардык билим берүү бөлүмдөрүнө жана муктаждыкка жараша мектептин окуу-тарбия иштерин жакшыртуу, материалдык – техникалык базаны чыңдоо, педагогикалык кадрлар менен камсыз кылуу, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын акча каражаттар тарабынан жардамдарды уюштуруу багытындагы орчундуу маселелерди коет.

Кеңеш жалпы чогулушунда же конференциясында «Мектеп кеңеши» жөнүндөгү жобону иштеп чыгат жана аны бекитет.

4.1. Планда көрсөтүлгөн иштердин аткаруу мөөнөттөрү, аткарууга жоопту адамдар так көрсөтүлүүгө тийиш.

4.2. Пландын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө педагогикалык, усулдук, директор алдындагы кеңешмелерде пландуу түрдө маалыматтар угулуп, жасалган иштердин сапатына баа берилип турушу зарыл.

4.3. Директор жана анын орун басарлары ортосундагы милдеттердин так бөлүштүрүлүшү, алардын так аткарылышы-мектептин планынын ырааттуу ишке ашышынын негизги механизми.

Планда белигленген иштерди жүзөгө ашырууну туура уюштуруу директордун билимине, уюштуруучулук жөндөмүнө жараша болот.

## 5. Педагогикалык Кеңешме – педжамаатты тарбиялайт, өстүрөт.

5.1. Педагогикалык Кеңешме педжамааттын эң жогорку коллегиалдуу органы болгондуктан, педжамааттын отурумундарында талкуулоого пландаштырылган иштер көп кырдуу мектеп турмушунун орчундуу маселелердин камтуусу керек.

5.2. Педагогикалык кеңешмеде талкууланууучу маселени даярдоо үчүн комиссия түзүлүп, текшерүү боюнча атайын эстеткич даярдалып, ар бир текшерүүчүнүн милдеттери так аныкталып жолдомо берилүүгө тийиш.

5.3. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн тактамада негизинен төмөнкүдөй төрт баскычтагы маалыматтар чагылдырылышы керек:

а) Текшерилген маселе боюнча жалпы маалыматтар.

б) Жасалаган жакшы иштер, жетишилген ийгиликтер.

в) Кетирилиген кемчиликтер, мүчүлүштүктөр.

г) Ийгиликтерди бекемдөө жана кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштар.

Тактамада айтылган ойлор так фактыларга, анализдин жыйынтыктарына негизделүүгө тийиш.

5.4. Тактаманын негизинде педагогикалык кеңештин токтомунун долбоору даярдалат. Токтомдун долбоорунда жогорку пункта көрсөтүлгөн төрт багыт боюнча талкуу жүргүзүлөт, жасалган иштерге баа берилип чечим кабыл алынат. Кабыл алынган чечим бүдөмүк, талаш тартышты пайда кыла турган фактыларга эмес, ынанымдуу, негиздүү маалыматтарга таянуусу зарыл. Ансыз, педжамааттын педагогикалык Кеңешке, анда кабыл алынган чечимдерге карата ишеничи кетет.

Кабыл алынган чечимдеги маселелердин аткаруу мөөнөттөрү, аткаруу үчүн милдеттүү кызматкерлер так көрсөтүлүүсү керек.

5.5. Мугалимдер бөлмөсүндө: «Педагогикалык Кеңешме» аттуу стенд жасалып ал төмөнкүдөй үч бөлүктөн турууга тийиш.

а) Педагогикалык Кеңешмелерде каралууучу маселелер;

б) Педкеңешмелер кабыл алынган чечимдер;

в)Кабыл алынган чечимдердин аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат.

Бул стендди жогорудагы материалдар менен толуктап барууну педкеңештин катчысы аткарат. Педагогикалык Кеңешмеге карата жогоруда айтылган сунуштар так аткарылса, ал педагогикалык жамаатты уюштурууучу, жаңы максаттарды

чечүүгө багыттоочу күчкө айланып, мугалимдердин жоопкерчилигин арттырып, алардын педагогикалык чыгармачылыгынын өсүүсүнө өбөлгө болот.

## 6. Активдүү директор – активдүү жамаатты өстүрөт.

*Билим берүү тармагынын бул же тигил маселелери боюнча өлкөнүн* Президенти Указын, Өкмөт токтомун, Жогорку Кеңеш мыйзамын чыгарат. Өз кезегинде жогорудагы документтерди аткаруу боюнча бийликтин жана тармактын областтык, райондук (шаардык) органдары өздөрүнүн чечимдерин, буйруктарын, токтомдорун чыгарышат. Ошолордун баары топтолуп келип директордун мойнуна илинет. Директор ошолордун баарын билип чыгып, өзүнүн жамаатына түшүндүрүп, өзү жетектеген мектептин шартын эске алуу менен аларды ишке ашыруунун жолун иштеп чыгат.

Бул оңой-олтон иш эмес. Түрдүү көз караштагы, түрдүү мүнөздөргө ээ болгон мугалимдерден турган педагогикалык жамаатты бир максаттын айланасына баш коштуруп чыгармачылык менен иштеген биримдиктүү жамаатка айландыруу ар бир директордун колунан келе бербейт.

Педагогикалык жамааттын ар бир мүчөсүнө бирдей мамиле жасаган, алардын жасаган иштерине адилеттүү баа бере билген, өзү билбегенди билгендерден үйрөнүүдөн тартынбаган, кемчилдигин мойнуна ала билген, ар кандай ишке жоопкерчиликтүү мамиле жасаган, коомдо болуп жаткан терс көрүнүштөргө кайдыгер карабаган, өзүнүн ойлорун газета, журналдарга жазып, радио-телеберүүлөр аркылуу орчундуу ойлор менен чыгып, мектепте гана эмес, райондун, облустун, республиканын проблемаларын чечүүгө өз оюн кошо билген, көп окуган, ой чабыты кенен, көп изденген активдүү директор гана өзүнө окшогон активдүү мугалимдерди, педагогикалык жамаатты тарбиялап өстүрө алат.

Ушундай директор гана педагогикалык жамаатта, окуучулар, ата – энелер арасында жана коомчулукта кадыр-баркка жетишет. Директор – педагогикалык жамааттын жана мектептин жүзү. Бул далилдөөнү талап кылбаган аксиома.

**Турганбаев Токомбай - Жалал-Абад областтык билим берүү усулдук борборунун директорунун орун басары**

**2010-жыл, декабрь айы**